# АДАБИЙ ОКУУ САБАГЫ АРКЫЛУУ БАШТАЛГЫЧ КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫНДА ҮЙ-БҮЛӨӨ БААЛУУЛУКТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Талай кызы Үмүт изденүүчү**

*Ош мамлекеттик университети, окутуучу*
*E- mail: umutka.9302@gmail.com*

**Аннотация:** Макалада башталгыч класстын окуучуларында адабий окуу сабагы аркылуу үй-бүлө баалуулуктарын калыптандыруунун педагогикалык шарттары каралган. Азыркы коомдогу глобализация жана баалуулуктардын өзгөрүүсү шартында башталгыч класс окуучуларында ата-энени сыйлоо, бир туугандык мээрим жана үй-бүлөлүк салттарды үйрөтүү актуалдуу маселе болуп саналат. Макалада окуу китептериндеги көркөм чыгармалардын тарбиялык потенциалы талданып, каармандардын образы аркылуу окуучулардын адеп-ахлактык түшүнүктөрүн өстүрүү ыкмалары сунушталган. Изилдөөнүн жүрүшүндө адабий тексттерди талдоо, ролдук оюндар жана турмуштук кырдаалдарды моделдөө сыяктуу интерактивдүү усулдардын натыйжалуулугу далилденген. Изилдөөнүн жыйынтыгында мектеп менен үй-бүлөнүн биргелешкен иш-аракети окуучунун инсандык сапаттарын калыптандыруунун негизги фактору экени аныкталган. Макаланын мазмуну башталгыч класстын мугалимдери жана педагогика багытындагы изилдөөчүлөр үчүн практикалык мааниге ээ.

**Түйүндүү сөздөр:** адабий окуу, үй-бүлө баалуулуктары, башталгыч класс, усул, эмгек, урмат-сый, ынтымак.

**Аннотация:** В статье рассматриваются педагогические условия формирования семейных ценностей у учащихся начальных классов на уроках литературного чтения. В условиях современной глобализации и трансформации ценностных ориентаций актуальной задачей является воспитание у младших школьников уважения к родителям, братской любви и приверженности семейным традициям. В работе проанализирован воспитательный потенциал художественных произведений в школьных учебниках и предложены методы развития нравственных представлений учащихся через анализ образов литературных героев. В ходе исследования доказана эффективность таких интерактивных методов, как анализ литературных текстов, ролевые игры и моделирование жизненных ситуаций. По результатам исследования установлено, что совместная деятельность школы и семьи является ключевым фактором формирования личностных качеств учащегося. Содержание статьи имеет практическую значимость для учителей начальных классов и исследователей в области педагогики.

**Ключевые слова:** семейные ценности, начальные классы, литературное чтение, формирование, педагогические методы, нравственное воспитание, учащиеся младших классов.

**Abstract:** The article examines the pedagogical conditions for fostering family values in primary school students during literary reading lessons. In the context of modern globalization and shifting value paradigms, teaching young learners to respect parents, cherish sibling affection, and uphold family traditions has become a matter of paramount importance. The study analyzes the educational potential of literary works found in school textbooks and proposes methods for developing students' moral concepts through the analysis of literary characters. The research demonstrates the effectiveness of interactive methods such as literary text analysis, role-playing, and the modeling of real-life situations. The findings indicate that the collaborative effort between the school and the family is a fundamental factor in the formation of a student's personal qualities. The

content of this article holds practical significance for primary school teachers and researchers in the field of pedagogy.

**Keywords:** family values, primary school, literary reading, formation, pedagogical methods, moral education, young learners.

**Киришүү**

Үй-бүлө — бала үчүн турмуштун алгачкы мектеби. Бул бала тышкы дүйнөнү түшүнүү жана бардык кыйынчылыктарды жеңүү үчүн өз жөндөмдөрүн колдонууга үйрөнө турган чөйрө. Балдардын үй-бүлөдөн үйрөнгөндөрүнүн баары алардын баалуулуктар системасына айланат. Бактылуу жана кубанычтуу үй-бүлөлүк жашоо — бул кокустук эмес, бул талыкпаган эмгекке жана туура тандоого негизделген улуу жетишкендик.

Азыркы коомдо үй-бүлө институтунун ролун бекемдөө жана өсүп келе жаткан муунга салттуу баалуулуктарды өткөрүп берүү актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Үй-бүлө адам баласы үчүн эмне? Бул сөз ар бир инсанга түшүнүктүү. Ал жашообуздун алгачкы көз ирмемдеринен тартып эле ар бирибиз менен бирге. Үй-бүлө – бул үйүбүз, ата-энебиз, эң жакын жана кымбат адамдарыбыз. Бул – жалпы түйшүктөр, биргелешкен иштер жана кубанычтуу көз ирмемдер. Бул – сүйүү жана бакыт. Үй-бүлө – бүткүл жашообуз курула турган бекем пайдубал жана ишенимдүү жөлөк. Ар бирибиз үй-бүлөдө жарык дүйнөгө келебиз, ал эми бой жеткенде өз очогубузду курабыз. Адам баласынын табияты ушундай жаралган. Инсандык сапаттардын калыптанышы дал ушул үй-бүлөдөн башталат: үй-бүлөлүк баалуулуктар адамдын ар тараптуу жана гармониялуу өсүп-өнүгүшү үчүн керектүү көндүмдөрдү калыптандырат. Үй-бүлөдө эмне эң маанилүү? Сүйүүбү? Өз ара түшүнүшүүбү? Жоопкерчиликпи? Же камкордук менен көңүл буруубу? Балким, жан аябастык, кечиримдүүлүк жана эмгекчилдикпи? Же үй-бүлөлүк салттарды бекем сактообу? Ар бир үй-бүлө үчүн баалуулуктардын тизмеси ар башка жана ар кандай өлчөмдө болушу мүмкүн. Бирок, бекем жана ынтымактуу үй-бүлөнү куруу үчүн, ар бирибиз анын негизин түзгөн негизги баалуулуктар жөнүндө так түшүнүккө ээ болушубуз зарыл.

Кенже мектеп курагы (6–10 жаш) — бул баланын инсандык пайдубалы түптөлө турган эң маанилүү мезгил. Бул этапта үй-бүлө баалуулуктарын калыптандыруу баланын келечектеги коомдук жүрүм-турумун жана моралдык образын аныктайт. Башталгыч класстагы баланын дүйнө таанымы жана моралдык нормалары калыптана баштайт. Бул багытта адабий окуу сабагы чоң мүмкүнчүлүктөргө ээ. Адабий окуу сабагы аркылуу үй-бүлө баалуулуктарын калыптандыруу боюнча улуу педагогдор жана окумуштуулар өздөрүнүн фундаменталдык ойлорун калтырышкан. Алардын пикиринде, адабият — бул жөн гана окуу эмес, бул баланын ички дүйнөсүн, адеп-ахлагын жана үй-бүлөгө болгон мамилесин калыптандыруучу негизги курал болуп саналат. К. Д. Ушинский адабий окууну үй-бүлө баалуулуктарын өткөрүп берүүнүн эң табигый жолу деп эсептеген. Элдик жомоктор жана уламыштар — бул элдин үй-бүлөлүк жашоосунун күзгүсү. Бала адабий тексттер (өзгөчө элдик оозеки чыгармалар) аркылуу өзүнүн тегин, жети атасын жана үй-бүлөдөгү улуу-кичүүнүн ордун тааныйт. Ал үчүн эне тилинде окулган ар бир чыгарма үй-бүлөлүк ынтымактын башаты болуп саналат. В. А. Сухомлинский адабиятты баланын сезимдерине таасир этүүчү эң күчтүү курал катары баалаган. Бала адабий каармандын энесине болгон мамилесин көрүп, өз энесин сүйүүнү жана аяганды үйрөнөт. Адабий окуу сабагында кургак анализ эмес, эмоционалдык кабыл алуу маанилүү. Бала чыгармадагы каарман менен кошо кайгырып, кошо кубанганда гана "энени сыйлоо", "атаны кадырлоо" деген түшүнүктөр анын ички баалуулугуна айланат. Я. А. Коменский адабий мазмундагы аңгемелерди баланын акылын жана адебин иретке келтирүүчү каражат катары караган. Баланын акылына жакшы үрөндөрдү себүү үчүн, ага ата-энесине ишенимдүү жана тил алчаак каармандар жөнүндө окутуу керек. Адабий окуу сабагында берилген каармандар бала үчүн "социалдык үлгү" болушу керек. Каармандын ата-энесине кылган кызматы баланын жүрүм-турумуна түздөн-түз таасир этет. Азиз Эминович Измайловдун эмгектери кыргыз педагогикасында өзгөчө орунду ээлейт. Измайлов элдик

оозеки чыгармачылыкты (жомоктор, макалдар, дастандар) үй-бүлө баалуулуктарын калыптандыруунун эң кубаттуу куралы катары караган. Анын пикири боюнча, адабий окуу сабагында колдонулган элдик мурастар балага ата-бабалардын этикалык нормаларын жеткирет. Окумуштуу Орто Азия элдеринин, анын ичинде кыргыздардын педагогикасындагы "карыны кадырлоо" жана "ата-энени ыйык тутуу" баалуулуктарын терең изилдеген. Ал үй-бүлөдөгү иерархиялык тартипти инсандын тартиптүүлүгүнүн негизи катары баалаган. Измайлов "туугандык байланыш" жана "ынтымак" баалуулуктарын педагогикалык категория катары иштеп чыккан. Автордун пикири боюнча, элдик мурастар аркылуу берилген баалуулуктар баланын ички дүйнөсүнүн туруктуулугун камсыз кылат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 20-майындагы №157 «Улуттук нарк жөнүндө» Жарлыгы — бул заманбап глобализация шартында кыргыз элинин өзөктүү баалуулуктарын сактап калууга багытталган стратегиялык документ. Бул Жарлыкта үй-бүлө баалуулуктарына, ата-энени сыйлоого жана туугандык мамилелерге өзгөчө орун берилген.

Илимий көз караштан (социология, психология жана педагогика) алганда, үй-бүлө баалуулуктары — бул үй-бүлөнүн туруктуулугун жана ар бир мүчөсүнүн өнүгүүсүн камсыз кылган ички эрежелердин, нормалардын жана моралдык багыттардын системасы. Баалуулуктар үй-бүлөнүн ички атмосферасын жана "саламаттыгын" аныктайт. Үй-бүлө баалуулуктары — бул бала үчүн биринчи социалдык мектеп. Ал жерден бала сүйүүнү гана эмес, коомдо жашоонун моралдык эрежелерин да үйрөнөт.

Изилдөөнүн материалдары жана методдору

Изилдөө сапаттык изилдөө моделине негизделди. Анын алкагында маалымат топтоо үчүн башталгыч класстардын адабий окуу китеби негизги булак катары алынып, документтерди талдоо методу аркылуу андагы үй-бүлө баалуулуктарын чагылдырган тексттер жана иллюстрациялар системалуу түрдө анализденди. Сапаттык изилдөө —теория түзүүнү негиз катары кабыл алган, социалдык көрүнүштөрдү алар тиешелүү болгон чөйрөдө изилдөөгө жана түшүнүүгө басым жасаган ыкма болуп эсептелет. Бул изилдөөнүн натыйжалары башталгыч класстын мугалимдери үчүн балдарда адабий окуу сабагы аркылуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды калыптандырууда педагогикалык билимдердин булагы катары кызмат кылат.

Изилдөөнүн натыйжалары

Мектепте үй-бүлөлүк баалуулуктарды калыптандыруу башталгыч класстардан башталат. Бул баалуулуктар адабий окуу сабактарында системалуу түрдө калыптандырылат. Мектеп окуучусу ээ болушу керек болгон негизги компетенциялардын бири — бул жамаатта жашай билүү, баарлашуу жана кызматташуу көндүмү. Ал эми бул баладан боорукердик, чынчылдык, адилеттүүлүк жана адеп-ахлак нормаларын сактоо сыяктуу сапаттардын болушун талап кылат.

Үй-бүлөлүк баалуулуктар үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнүн жалпы кызыкчылыктарын чагылдырат. Эң маанилүү үй-бүлөлүк баалуулуктардын катарына айланадагы адамдарды сыйлоону, сүйүүнү, берилгендикти, ар бир үй-бүлө мүчөсүнүн бири-бирине болгон камкордугун, ынтымакты, өз ара жардамдашууну, жоопкерчиликти өзүнө ала билүүнү жана өз күнөөсүн башкага оодарбай, жасаган иши үчүн жооп бере алууну кошууга болот. Үй-бүлөдөгү тынчтык жана бейпилдик — эң жогорку баалуулук. Үй-бүлө турмушунун негизи — чынчыл, ак ниет жана коомго пайдалуу эмгек. Үй-бүлөлүк салттар үй-бүлөнүн биримдигин бекемдөөгө жана ынтымагын арттырууга өбөлгө түзөт. Билим берүү уюмунун алкагында үй-бүлөлүк баалуулуктарды калыптандыруу боюнча иш алып баруунун негизги максаты — үй-бүлөгө адам баласы үчүн эң жогорку баалуулук катары мамиле кылууну тарбиялоо болуп саналат.

Адабий окуу китептеринен тандалып алынган үй-бүлө жөнүндөгү чыгармаларга таянуу менен, мугалим балдарда үй-бүлөгө жана үй-бүлөлүк салттарга болгон баалуу мамилени

тарбиялайт. Китепке киргизилген чыгармаларды тандоонун маанилүү өзгөчөлүгү — алардын кенже мектеп окуучусунун курактык өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келгендигинде. Адабий окуу сабактарында окуучулардын көңүлүн төмөнкү нерсеге буруу зарыл: өз үй-бүлөсүн баалабаган, жакындарына өз убагында жардамга келе албаган адам тартуучу күчкө ээ боло албайт, ошондой эле башкаларда боорукердик жана актоо сезимин жаратпайт. Мындай багыттагы иштер жогорку адеп-ахлактуу, руханий жактан өнүккөн инсанды тарбиялоого жана окуучуларды үй-бүлөлүк баалуулуктарга багыттоого жардам берет.

1-класстардын Алиппе окуу китебинде үй-бүлө баалуулуктарын калыптандыруу жөнөкөйдөн татаалга карай багытталган. Китептеги визуалдык материалдар жана этикалык мазмундагы чакан тексттер окуучунун алгачкы социалдык нормаларын калыптандырууда негизги курал катары кызмат кылат. Китепте үй-бүлө темасы бир нече деңгээлде каралат. "Биздин үй-бүлө" темасы: Бул бөлүмдө үй-бүлө мүчөлөрүнүн аттары, алардын ролдору (ата, апа, чоң ата, чоң эне, ага, эже, ини, сиңди) тааныштырылат. Үй-бүлөлүк структураны жана иерархияны таанууга жардам берет. Китептеги көптөгөн сүрөттөрдө балдардын ата-энесине жардам берип жатканы (короо шыпыруу, идиш жуу, гүлгө суу куюу) берилген. Бул балдарды бири-бирине көмөктөшүүгө жана эмгекчилдикке тарбиялайт. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн модели катары карыларды сыйлоо темасы тексттерде жана макалдарда чагылдырылган. Алиппенин ичиндеги иллюстрациялар бала үчүн эң чоң тарбиялык курал болуп саналат. Үй-бүлөнүн дасторкон үстүндө чогуу отурганы же чогуу эмгектенгени чагылдырылган сүрөттөр баланын аң-сезиминде "биз бир бүтүнбүз" деген түшүнүктү калыптандырат. Эненин балага китеп окуп берип жаткан же бешик терметкен образдары аркылуу энелик мээрим жана камкордук баалуулугу берилет. Китепте тамгаларды үйрөтүү менен катар, үй-бүлө тууралуу макалдар берилген. Мисалы: "Эне сыйлаган элине жагат" же "Улууну урматта, кичүүнү ызатта", “Карысы бардын ырысы бар”. Бул кыска саптар аркылуу бала ата-эненин ордунун ыйыктыгын когнитивдик деңгээлде кабыл алат.

2-класстын «Адабий окуу» китеби этнопедагогикалык принциптерге негизделген. Андагы мазмун окуучунун коммуникативдик компетенттүүлүгүн гана өстүрбөстөн, үй-бүлөдөгү улуу-кичүүнүн ордун, ынтымактын жана жоопкерчиликтин маанилүүлүгүн аңдап билүүгө шарт түзөт.

3-класста баланын дүйнө таанымы кеңейип, ал үй-бүлөнү жөн гана жашоо чөйрөсү эмес, «коомдун уюткусу» жана «ыймандын булагы» катары аңдап биле баштайт.

Китепте ата-эненин тилин алуу, улууга жол берүү, сыпайылык сыяктуу этикалык нормалар камтылган. Үй-бүлөлүк салттардын (бата берүү, меймандостук, санжыра) тарбиялык мааниси ачып берилет. Эненин бала үчүн кылган кызматы, түн уйкусун кечиши тууралуу ырлар жана аңгемелер. Атаны үй-бүлөнүн тиреги, акылман насаатчы катары көрсөткөн чыгармалар. Окуучуга "Ата - асман, эне - жер" деген түшүнүк тексттердеги каармандардын иши аркылуу сиңирилет. 3-класстын окуулугунда бир туугандардын ортосундагы мамилени чагылдырган чакан аңгемелер жана тамсилдер кеңири берилген. "Бир туугандардын биримдиги", "Атанын керээзи" сыяктуу сюжеттер аркылуу "Бөлүнсөң бөрү жеп кетет" деген идея берилет.

Китепте элдик педагогиканын элементтерин активдүү колдонот. Ар бир теманын аягында үй-бүлө, ата-эне тууралуу макалдар берилип, алардын маанисин чечмелөө талап кылынат. Салттуу баталардын мааниси жана анын үй-бүлөдөгү руханий ролу түшүндүрүлөт. Окуучуга "Сиздин үй-бүлөңүздө кандай салттар бар?" деген суроолор берилип, баланы өз үй-бүлөсү тууралуу ойлонууга багыттайт. Китептеги суроолор жана тапшырмалар жөн гана текстти кайталап айтуу эмес, аны турмуш менен байланыштырууга багытталган: мисалы "Каарман эмне үчүн атасынын сөзүн укту?". "Сен ушундай кырдаалда эмне кылмаксың?". "Үйгө барганда ата-энеңе кандай жардам бере аласың?".

3-класстын "Адабий окуу" китебинде үй-бүлө баалуулуктары интеграцияланган түрдө берилген. Бул жерде адабият — бул жөн гана окуу эмес, бул баланы келечектеги ата же эне катары даярдоочу, анын ыймандык-этикалык пайдубалын куруучу курал болуп саналат.

4-класстын «Адабий окуу» окуу китебинде үй-бүлө баалуулуктарын калыптандыруу аксиологиялык (баалуулук таануу) деңгээлге көтөрүлгөн. Тексттердин мазмуну окуучуга үй-бүлөнү муундар аралык руханий көпүрө катары таанууга, өзүнүн үй-бүлөлүк жана улуттук идентүүлүгүн андап билүүгө багытталган. Бул болсо башталгыч мектептин бүтүрүүчүсүнүн адеп-ахлактык дүйнөсүнүн бекемделишине шарт түзөт.

Жогрудагы баалуулуктарды башталгыч класстардын окуучуларында терең калыптандырыш үчүн азыркы санариптик технологияларды пайдалансак болот. Анткени азыркы балдар технологияга жакын. Мисалы "жети ата", "туугандык байланыш" түшүнүктөрүн кагаздагы схема эмес, санариптик долбоор катары ишке ашыруу зарыл. Окуучулар планшет же телефон аркылуу өзүнүн чоң ата, чоң энелеринен интервью алып, кыска видео-ролик же подкаст даярдашат. Бала адабий каармандын эмес, өз чоң атасынын оозунан "ынтымак" тууралуу укканда, макалада айтылган "эмоционалдык кабыл алуу" эң жогорку чекке жетет.

Китептеги макалдарды жана сюжеттерди (мисалы, "Атанын керээзи") кургак жаттабастан, класстык "Баалуулуктар театрын" түзүү керек. Окуучулар чакан топторго бөлүнүп, турмуштук кырдаалдарды сахналаштырышат. Мисалы: "Эгерде үйдө акыркы нан калса, аны кантип бөлөсүңөр?" же "Чоң атаңар ооруп калса, ким кандай жардам берет?". Бул жерде "туура жооп" жок, бала өзүнүн жоопкерчилик сезимин иш жүзүндө көрсөтөт.

Мугалим жумасына бир жолу "Үй-бүлөлүк окуу кечеси" тапшырмасын берсе болот. Ата-эне баласы менен бирге чыгарманы окуп, андагы баалуулукту талкуулап, жыйынтыгын "Үй-бүлөлүк күндөлүккө" бир сүрөт же бир сүйлөм менен белгилешет.

"Карысы бардын ырысы бар" деген сыяктуу макалдарды жөн эле жазбастан, анын маанисин чагылдырган "Баалуулуктар картасын" түздүрсөк болот. Бала өз үй-бүлөсүнүн баалуулуктарын символдор менен тартат мисалы, ынтымак – кол кармашуу, эмгек – аары ж.б. Абстракттуу түшүнүктөр баланын аң-сезиминде конкреттүү образга айланат. Окуучуларда жогорудагы баалуулуктар калыптанганын текшерүү үчүн окуучулар үчүн ар бир жомоктун же ырды окугандан кийин сенин көз карашың кандай? Сен баланын ордунда болгонуңда эмне кылмаксың? Деген сыяктуу суроолорду берсек болот.

"Менин үй-бүлөм – менин байлыгым" деген темада сүрөт тартуу же дил баян жазуу. Сүрөттөгү түстөр жана деталдар (мисалы, баары кол кармашып турабы) баланын ички абалын көрсөтөт.

"Күтүлбөгөн кырдаал" методу. Мисалы, класска оор жүк көтөргөн киши киргенде же мугалим кагаздарын чачып алганда баланын реакциясын байкоо.

Окуучунун баалуулуктары калыптанганын текшерүү үчүн "Үй-бүлөлүк рейтинг" ыкмасын колдонуңуз. Ата-энелерге: "Балаңыз акыркы бир айда үйдө сизге кандай жардам берди же кандай жакшы сөз айтты?" деген суроо менен чакан сурамжылоо жүргүзүңүз. Эгерде мектепте окулган "Ата-энени сыйлоо" темасынан кийин бала үйүнө барып апасын кучактап же идиш жууп берсе — демек, адабий окуу сабагында өтүлгөн темалардын максаты ишке ашты.

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч класстын окуучуларында үй-бүлө баалуулуктарын калыптандыруу — бул жөн гана моралдык нормаларды үйрөтүү эмес, бул улуттун келечектүү пайдубалын түптөө болуп саналат. Баалуулуктарды калыптандыруунун ийгилиги аларды текшерүүнүн туура жолго коюлушунан көз каранды. Биз сунуштаган когнитивдик, эмоционалдык жана жүрүм-турумдук критерийлер окуучунун ички дүйнөсүндөгү

өзгөрүүлөрдү так аныктоого мүмкүндүк берет. Окуучу адабий каармандын образы аркылуу өзүнүн үй-бүлөдөгү жоопкерчилигин, эмгекчилдигин жана ата-энеге болгон сый-урматын иш жүзүндө (практикада) көрсөтө алганда гана тарбиялоо процесси максатына жетет. Демек, үй-бүлө, мектеп жана адабияттын биримдиги гана "Улуттук нарк жөнүндөгү" Жарлыктын идеяларын турмушка ашырып, руханий жактан бай, жоопкерчиликтүү инсанды калыптандыра алат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы. «Улуттук нарк жөнүндө» (20-май, 2022-ж., №157).
2. Измайлов, А. Э. (1991). Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана. — Москва: Педагогика. (Кыргыз этнопедагогикасынын негиздери боюнча).
3. Сухомлинский, В. А. (1979). Бала алгачкы мектеби — үй-бүлө. (Же "Сердце отдаю детям" эмгегинин негизги идеялары).
4. Ушинский, К. Д. (1985). Тандалган педагогикалык чыгармалар. — Бишкек (же М.: Педагогика). (Эне тили жана элдик оозеки чыгармачылыктын ролу боюнча).
5. Коменский, Я. А. (1982). Улуу дидактика. — Москва: Педагогика. (Инсандын адеп-ахлактык пайдубалы жөнүндө).
6. Алиппе: Жалпы билим берүүчү мектептердин 1-класстары үчүн окуу китеби. (Акыркы басылыштары).
7. Адабий окуу: 2-4-класстар үчүн окуу китептери. — Бишкек: "Окуу китеби" борбору.